Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2021-жылдын I чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2021-жылдын I чейрегинде 100,8 пайызды түзүп, 2020-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,8 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын I чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 100,0 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы**
*(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-ж. I чейреги | 2021-ж. I чейреги | 2020-ж. I чейреги | 2021-ж. I чейреги | 2020-ж. I чейреги | 2021-ж. I чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **483 162,6** | **581 690,1** | **483 031,4** | **577 351,5** | **100,0** | **100,8** |
| Бишкек ш. | 254 489,1 | 309 937,2 | 249 636,6 | 301 468,0 | 101,9 | 102,8 |
| Ош ш. | 56 042,8 | 70 817,8 | 56 410,4 | 70 234,7 | 99,4 | 100,8 |
| Чүй областы | 32 327,2 | 34 736,4 | 32 603,8 | 34 716,0 | 99,2 | 100,0 |
| Ысык-Көл областы | 24 207,6 | 26 811,2 | 24 951,2 | 27 689,0 | 97,0 | 96,8 |
| Талас областы | 11 906,9 | 14 152,5 | 13 195,8 | 15 169,8 | 90,2 | 93,3 |
| Нарын областы | 11 226,8 | 12 949,6 | 11 605,4 | 13 444,9 | 96,7 | 96,3 |
| Ош областы | 21 888,7 | 23 950,5 | 21 815,2 | 23 846,8 | 100,3 | 100,4 |
| Жалал-Абад областы | 50 988,6 | 62 329,0 | 52 844,8 | 64 980,6 | 96,5 | 95,9 |
| Баткен областы | 20 084,9 | 26 005,9 | 19 968,2 | 25 801,7 | 100,6 | 100,8 |

2020-жылдын I чейрегине салыштырганда 2021-жылдын I чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу төмөнкү региондордо өскөн:

- Бишкек шаары боюнча – 0,8 пайызга;
- Ош шаары боюнча – 1,4 пайызга;
- Талас областы боюнча – 3,1 пайыз;
- Чүй областы боюнча – 0,8 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,1 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,2 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




2021-жылдын I чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча катталып, ал 102,8 пайызды түзгөн, ошондой эле Ош шаары жана Баткен областы боюнча – 100,8 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 93,3 пайыз.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 581 690,1 млн сомду түзүү менен 2020-жылдын I чейрегине салыштырганда 20,4 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 253 706,3 млн сомду, көбөйүү 14,6 пайызды түзгөн (2020-жылдын I чейрегинде – 221 369,8 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 26 398,7 млн сомду, көбөйүү 18,9 пайызды (2020-жылдын I чейрегинде – 22 204,1 млн сомду) түзгөн;

- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 109 838,3 млн сом, көбөйүү 47,6 пайыз (2020-жылдын I чейрегинде – 74 437,2 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 35 074,1 млн сомду, көбөйүү 22,3 пайызды (2020-жылдын I чейрегинде – 28 684,8 млн сом) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 44 510,0 млн сомду, көбөйүү 21,9 пайызды (2020-жылдын I чейрегинде – 36 511,3 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 34 796,8 млн сом, азаюу 0,3 пайыз (2020-жылдын I чейрегинде – 34 916,0 млн сом) чегинде катталган.



**2-график. 2020-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**



**3-график. 2021-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**

Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2021-жылдын I чейрегинде 577 351,5 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 19,5 пайызга көбөйгөн.

2021-жылдын I чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 254 408,2 млн сомду түзүп, 15,6 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын I чейрегинде – 219 394,1 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 19 505,4 млн сомду түзүп, 5,4 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын I чейрегинде – 18 513,9 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 141 472,2 млн сомду, көбөйүү 38,9 пайызды (2020-жылдын I чейрегинде – 101 849,3 млн сомду) түзгөн;

- локалдык акча которууларга төлөө – 30 069,1 млн сомду, көбөйүү 18,9 пайызды (2020-жылдын I чейрегинде – 25 299,3 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 3 727,7 млн сом, көбөйүү 17,3 пайыз (2020-жылдын I чейрегинде – 3 178,5 млн сом) чегинде белгиленген;

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 48 501,3 млн сомду түзүп, 13,0 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын I чейрегинде – 42 909,5 млн сом);

- эмгек акыны төлөө – 722,2 млн сом, азаюу 8,0 пайыз (2020-жылдын I чейрегинде – 784,7 млн сом) чегинде катталган.



**4-график. 2020-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



**5-график. 2021-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**

## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2021-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 46 682,5 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 5,5 пайызга көбөйгөн.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны 2021-жылдын I чейреги ичинде 1 890 280 төлөмдү түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 9,0 пайызга төмөн.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2021-жылдын I чейрегинде 976 027,8 млн сомду түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,9 пайызга аз.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде 141 099 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 27,7 пайызга жогору.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2020-ж. I чейреги | 2 076 994 | 44 259,3 | 110 479 | 1 059 226,7 | 2 187 473 | 1 103 486 |
| 2021-ж. I чейреги | 1 890 280 | 46 682,5 | 141 099 | 976 027,8 | 2 031 379 | 1 022 710,3 |

### 2.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2021-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр бардык 22 коммерциялык банктар тарабынан сунушталган, анын ичинен 14 банк гана эл аралык төлөм системасынын камсыз кылды.

#### 1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттардын жалпы саны 2021-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 3 294,0 миң картты түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 6,1 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

- **«Элкарт» улуттук системасы — 2 128 647 (64,6%):**
  - «Элкарт» — 2 125 885 (64,5%);
  - «Элкарт-UPI» — 2 762 (0,1%).
- **эл аралык системалар — 1 165 324 (35,4%):**
  - VISA — 965 867 (29,3%);
  - Master Card — 71 512 (2,2%);
  - «Золотая Корона» (Россия) — 123 228 (3,8%);
  - Union Pay International — 4 717 (0,1%)).

**3-таблица. Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт -UPI | UPI | Visa | Master Card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 537 101 | 2 196 | 3 320 | 665 062 | 43 617 | 31 748 | 1 283 044 | 39,0 |
| Чүй областы | 224 308 | 76 | 745 | 54 432 | 4 725 | 18 926 | 303 212 | 9,2 |
| Ысык-Көл областы | 187 789 | 72 | 156 | 43 257 | 3 366 | 8 221 | 242 861 | 7,4 |
| Нарын областы | 131 716 | 122 | 0 | 9 983 | 2 760 | 10 624 | 155 205 | 4,7 |
| Талас областы | 87 746 | 26 | 149 | 17 918 | 2 066 | 5 678 | 113 583 | 3,4 |
| Жалал-Абад областы | 364 355 | 99 | 214 | 67 803 | 6 146 | 20 631 | 459 248 | 13,9 |
| Ош областы | 420 368 | 146 | 116 | 84 627 | 6 823 | 17 071 | 529 151 | 16,1 |
| Баткен областы | 172 502 | 25 | 17 | 22 785 | 2 009 | 10 329 | 207 667 | 6,3 |
| **Жыйынтыгында** | **2 125 885** | **2 762** | **4 717** | **965 867** | **71 512** | **123 228** | **3 293 971** | **100** |

Коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. Бишкек шаарында топтолуу менен эң жогорку көрсөткүчкө ээ болгон, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу ушул жерде кыйла өнүккөн. Алсак, 2021-жылдын I чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүш Бишкек шаары боюнча 58,0 пайызды түзгөн. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча катталып, ал 2,4 пайызды түзгөн.

2021-жылдын I чейрегине карата абал боюнча карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 34,7 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 25,1 пайызды түзгөн.







**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын I чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 1 860 банкоматтарда жана 11 999 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 5,9 пайызды түзгөн же 103 банкоматка көп, ал эми POS-терминалдар 5,9 пайызды түзгөн же 664кө көп).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны система түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары боюнча – 779 банкомат жана 6 137 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 222 банкомат жана 1 070 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы боюнча – 377 банкомат жана 1 355 POS-терминал.

**4-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны**
*(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 703 | 6954 | 694 | 546 |
| Чүй областы | 186 | 792 | 181 | 215 |
| Ысык-Көл областы | 186 | 671 | 163 | 256 |
| Нарын областы | 81 | 182 | 80 | 101 |
| Талас областы | 73 | 156 | 68 | 123 |
| Жалал-Абад областы | 235 | 421 | 289 | 304 |
| Ош областы | 296 | 746 | 359 | 438 |
| Баткен областы | 100 | 106 | 137 | 154 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 860** | **10 028** | **1 971** | **2 137** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 75,6 млрд сом жалпы суммасында 17,4 миллион транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 27,7 жана 21,7 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 68,5 млрд сом жалпы суммасында 11,2 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 13,8 пайызга, көлөмү 18,5 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 7,0 млрд сом жалпы суммасында 6,2 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 63,5 пайызга, ал эми көлөмү 65,6 пайызга көбөйгөн.

### 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

2021-жылдын I чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валютанын 12 түрү боюнча ишке ашырылган. 2021-жылдын I чейреги ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 603,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,1 пайызга төмөндөгөн.

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 692,0 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 1,6 пайызга төмөндөгөн.

### 2.5. Акча которуулар

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2021-жылдын I чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 48,6 млрд сом жалпы суммасында 2 653,6 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 13,3 жана 46,1 пайызга көбөйгөн.

Чыккан которуулардын саны 14,0 млрд сом жалпы суммасында 219,7 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 5,3 жана 28,8 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 39,4 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 62,8 пайызы туура келген.

**8-график. 2021-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2021-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**



2021-жылдын I чейреги ичинде Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын которууларды финансылык жактан камсыз кылуу талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2021-жылдын I чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 203,9 млн АКШ доллары суммасында 310,3 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 0,5 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 45,4 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 106,5 млн АКШ доллары суммасында 100,4 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 25,1 жана 36,5 пайызга көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 6,6 млн евро жалпы суммасында 19,8 миң кирген которуулар өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 56,4 жана 40,4 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 2,0 млн евро жалпы суммасында 1,7 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 33,9 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 3,1 пайызга көбөйгөн.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 27 415,3 млн рубль суммасында 2 323,5 миң кирген которуу өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 15,2 жана 30,7 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 4 207,2 млн рубль суммасында 116,8 миң транзакция ишке ашырылган, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 6,8 жана 1,4 пайызга азайган.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2021-жылдын I чейрегинде чыккан которуулар 124,3 млн теңге жалпы суммасында 0,8 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,1 жана 1,9 эсе көбөйгөн. Кирген акча которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**5-таблица. Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2020-ж. I чейреги | | 2021-ж. I чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, миң даана | Көлөмү, млн сом | Саны, миң даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 347,9 | 4642,1 | 1035,9 | 13565,9 |
| | Чыккан | 9,6 | 526,6 | 8,5 | 602,9 |
| Contact | Кирген | 50,7 | 1553,9 | 73,6 | 2511,9 |
| | Чыккан | 34,3 | 964,0 | 15,9 | 799,0 |
| Money Gram | Кирген | 20,9 | 876,1 | 28,1 | 1414,0 |
| | Чыккан | 1,5 | 104,1 | 1,4 | 115,7 |
| Юнистрим | Кирген | 83,1 | 1526,0 | 41,0 | 1380,0 |
| | Чыккан | 3,5 | 367,7 | 1,9 | 299,8 |
| БЛИЗКО | Кирген | 0,1 | 1,9 | 0,0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| FASTER | Кирген | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Золотая Корона | Кирген | 1835,3 | 24565,0 | 1468,6 | 29503,8 |
| | Чыккан | 159,6 | 8879,9 | 191,8 | 12141,1 |
| RIA | Кирген | 4,1 | 135,0 | 6,5 | 260,8 |
| | Чыккан | 0,1 | 3,0 | 0,2 | 10,0 |
| **Жыйынтыгында, системалар боюнча** | Кирген | 2 342,0 | 33 300,1 | 2 653,6 | 48 636,4 |
| | Чыккан | 208,6 | 10 845,3 | 219,7 | 13 968,5 |

**2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2021-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 21 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ катары катталган, анын ичинен 19 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 21 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2021-жылдын I чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 16,9 млрд сом жалпы суммасында 35,6 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 4,6 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 27,39 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 26,6 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 74,70 пайызы).

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 2 483,3 млн сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 14,72 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,4 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,65 пайызын) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 2 515,5 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 14,91 пайыз), ал эми электрондук капчыктарды толуктоо саны 2 093,5 миң транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынан 5,87 пайыз) түзгөн.

**6-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 26 622 137 | 74,70 | 4 621 252,7 | 27,39 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 48 974 | 0,14 | 10 704,8 | 0,06 |
| 3 | Интернет | 459 410 | 1,29 | 391 078,9 | 2,32 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 2 056 249 | 5,77 | 2 116 247,9 | 12,54 |
| 5 | Салык жыйымдары | 90 838 | 0,25 | 201 436,0 | 1,19 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 71 428 | 0,20 | 69 823,1 | 0,41 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 151 083 | 0,42 | 95 815,3 | 0,57 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 841 687 | 2,36 | 2 163 477,4 | 12,82 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 200 885 | 0,56 | 471 469,3 | 2,79 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 622 316 | 1,75 | 2 813 313,3 | 16,67 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 2 092 986 | 5,87 | 2 515 505,4 | 14,91 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 108 962 | 0,31 | 201 887,1 | 1,20 |
| 13 | Социалдык тармактар | 13 152 | 0,04 | 4 107,9 | 0,02 |
| 14 | Интернет оюндары | 56 627 | 0,16 | 36 950,3 | 0,22 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 2 913 | 0,01 | 2 320,9 | 0,01 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 456 290 | 4,09 | 142 752,9 | 0,85 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 47 032 | 0,13 | 12 712,6 | 0,08 |
| 18 | Кулактандыруулар | 26 528 | 0,07 | 14 391,8 | 0,09 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 873 | 0,01 | 194,7 | 0,001 |
| 20 | Билим берүү | 6 907 | 0,02 | 23 690,1 | 0,14 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 3 013 | 0,01 | 1 262,8 | 0,01 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 659 120 | 1,85 | 962 394,6 | 5,70 |
| **2021-жылдын I чейрегинин жыйынтыгында** | | **35 640 410** | **100,0** | **16 872 789,6** | **100,0** |

10-график. Төлөмдөрдүн саны, %




11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %




Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

Отчеттук мезгилдин I чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2020-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,11 эсеге көбөйүп, 8 840 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

2021-жылдын I чейрегинин акырына карата жети коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти катары саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он локалдык система иш алып барган, алардын ичинен бир система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) ишин жүргүзгөн. Отчеттук мезгил ичинде эки система ишин токтоткон.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 8,6 пайызга көбөйүү менен 3,8 млн капчыкты түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 63,4 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 937 минди түзгөн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 24,6 пайызы).

12-график. Электрондук капчыктардын санынын




2020-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 2,2 эсе көбөйүп, 2,5 млрд сомду түзгөн, ал эми акча каражаттарын которуу саны болжолу менен 1,2 млн операцияны түзүү менен 5,4 эсе көбөйгөн;
- электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) операцияларынын көлөмү 4,1 пайызга азайып, 3,5 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 21,3 пайызга көбөйүп, 0,6 млн го жакын операцияны түзгөн;

13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү



- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 1,3 пайызга көбөйүп, 1,9 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 22,7 пайызга азайып, 3,1 млн операция чегинде катталган;

- электрондук акча эмиссиясы (чыгаруу) боюнча операциялардын көлөмү жана саны тиешелүүлүгүнө жараша 5,2 млрд сомду жана 1,6 млн операцияны түзүү менен 5,0 пайызга жана 43,8 пайызга азайган.

**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

2021-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 77 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 22 агентке же 40,0 пайызга көбөйгөн. Бир нече коммерциялык банктар региондордо соода-сервистик ишканалардын кассаларынан нак акчага айландыруу долбоорун жүзөгө ашырууда;

- 840 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 626 агентке же 3,9 эсеге көбөйгөн.

**3. Методологиялык иш**

Төлөм системаларынын маанилүүлүгү жана төлөм системаларынын эл аралык стандарттарга шайкештигин баалоо тартиби боюнча аныктамаларга тактоолорду киргизүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 10-февралындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 15-июлундагы № 38/4 «Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү (оверсайт) жүргүзүү саясатын бекитүү туралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө №2021-П-14/6-1-(ПС) токтом кабыл алынды.

Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүнүн алкагында «Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын эсепке алуу саясатына карата негизги талаптар жөнүндө» жобонун долбоору иштелип чыгып, коомдук талкууга сунушталган.

Мындан тышкары, ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобого жана «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр долбоору иштелип чыгып, коомдук талкууга чыгарылды.

«Криптовалюталарды жүгүртүү жөнүндө» жана «Виртуалдуу активдер чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлорун (мындан ары – мыйзам долбоорлору) коомдук талкуулоо аяктады. Азыркы учурда андан ары кайра иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын кароосуна киргизүү үчүн мыйзам долбоорлору боюнча сунуштарды/сын-пикирлерди топтоо жана талдоо жүргүзүлүп жатат.

Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировкаланышы мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.